*УДК 316.334.3.(575.2)*

***Б.Т. Сейитбаев,***
*К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин саясат жана укук таануу дисциплиналары кафедрасынын башчысы, саясий илимдеринин кандидаты, доцент*
***Эмилбек кызы Дарика***
*К.Карасаев атындагы БГУнун магистранты*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛИТОЛОГИЯ ЖАНА ЭЛИТА СОЦИОЛОГИЯСЫНЫН МААНИ-МАҢЫЗЫ

# РОЛЬ И СУЩНОСТЬ СОЦИОЛОГИИ ЭЛИТЫ В ЭЛИТОЛОГИИ КЫРГЫЗСТАНА

# THE ROLE AND NATURE OF ELITOLOGY AND SOCIOLOGY OF ELITES IN KYRGYZSTAN

***Аннотация:*** *Аталган макалада мамлекетибиздин көз карандысыздык мезгилиндеги Кыргызстанда калыптанып келе жаткан элитологиянын калыптануусу жана анын социология жана саясат таануу илимдерине кошкон салымы талдоого алынат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *элита, саясий элита, бийлик, мамлекет, коом, саясат, революция, аристократия, демократия, цивилизация;*

***Аннотация:*** *В данной статье анализируется становления элитологии в период независимости Кыргызстана и её вклад в развитию таких наук как, социология и политология.*

***Ключевые слова: элита,*** *политическая элита, власть, государства, общество, политика, революция, аристократия, демократия, цивилизация;*

***Summary:*** *This article analyzes the establishing of elitology during the independence period of Kyrgyzstan, and its contribution to the development of sciences such as sociology and politology.*

***Key words:*** *elite, political elite, power, state, society, politics, revolution, aristocracy, democracy, civilization.*

Кыргызстандагы социология илим катары жайылуусу менен бирге, социологиянын илимий тармагы катары коомдун социалдык структурасынын, институттарынын жана жараяндарынын көп түрдүүлүгүн жана татаалдыгын талдоо менен саясаттын көрүнүшүн изилдеген саясий социология илими да жолго коюла баштады. Саясий социология – саясат таануу, саясий психология илимдери менен катарлаш бирдиктүү саясий илимдин бир бөлүгү экендиги баардыгыбызга белгилүү. Мисалга алсак, америкалык саясат таануучу, социолог Сеймур Липсет белгилегендей саясат таануу илиминин изилдөөсүнүн негизин мамлекет менен саясий бийлик аркылуу коомду илиздөө түзсө, саясий социология коомдун социалдык түзүлүшүн, коомдук пикирди, социалдык-саясий жүрүштөрдүн эрежелерин, жараяндардын жүрүм-турумун, алардын психологиялык жана социомаданий абалдарын талдоо аркылуу мамлекет менен саясий бийлик изилденет. Ошентип, бул эки илим тең мамлекет менен коомдун өз ара мамилесин изилдеп келет. Заманбаптагы коомдук турмуштун саясатташуусу катуу жүрүп жаткан шарттарды Макс Вебердин учурундагыдай эле саясаттын баардык жагдайларын тереңирээк негиздүү илимий талдоо аркылуу изилдөөгө муктаждыктар кыйла өсө баштады. Бул изилдөөлөр саясат таануу илими менен катар – саясий социологияга тиешелүү бийлик социологиясы, бюрократия социологиясы, конфликт социологиясы же конфликтология, башкаруу социологиясы, этнократия, элита социологиясы же элитология аркылуу ишке ашырыла баштады. Ушулардын арасынан саясий лидерлердин калыптануусун изилдеген *элита социологиясынын* же илимий түрдө айтканда, *элитологиянын* өлкөбүздөгү өнүгүү абалы тууралуу белгилей кетсек, бул илим Кыргызстандагы саясий элитанын калыптануусунун изилдөөгө багытталган.

Адегенде "элита" деген эмне? Бул илимий термин эмнени билдирет деген суроого жооп издесек: "Элита" деген сөздүн өзү француз тилинен алганда "мыктылар", "тандалмалар" деген маанини билдирет. Коомго карата бул сөздү пайдалануу элдин арасынан чыккан кадыр барктуу касиеттери менен калкты башкарууга болгон сапаттарга ээ инсандар үчүн колдонулган аталма. Элитанын курамына коомдогу жетекчи кызматкерлер же үстөмдүк кылуучу, таасирдүү адамдар кирет. Элита теориясынын негизинде коомдун байыртадан эле улуулар жана кичүүлөр, ак сөөктөр жана карапайымдар, башкача айтканда башкаруучу азчылыкка жана башкарылуучу көпчүлүккө бөлүнүп турган. Мисалы байыркы учурдагы "аристос" деген аталма "мыкты" деген маанини билдирип, "аристократия" – мыктылардын бийлиги болгон. Аристократия идеясы тууралуу өзгөчө бир багыттагы түшүнүк Конфуций, Платон, Макиавелли, Ницше тарабынан негизге ээ болгон. Азыркы учурдагы элита тууралуу классикалык көз караш XIX кылымдын аягында - XX кылымдын башында толук теория катары Гаэтано Моска, Вильфредо Парето, Роберт Михельс тарабынан иштелип чыккан. Бул теорияларга ылайык, элитага кирүү үчүн өзгөчө жеке сапаттар биринчи кезекте уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү жана интеллектуалдык артыкчылыктардын болуусу зарыл. Азыркы мезгилде элитанын бир нече теориялары бар. Ушулардын ичинен саясий элита тууралуу айта кетсек - өзүнүн таасири, ээлеген ордунун артыкчылыгы менен коомдун калган бөлүгүнөн айырмаланып турган, мамлекеттик бийликти пайдалануу же ага таасир этүү менен байланышкан чечимдерди кабыл алууга тикелей жана ар дайым катышып турган топ.

Мына ушул саясий топтун Кыргызстанда да болушу баардык мамлекеттердей эле классикалык көрүнүшкө ээ. Республикабыз эркиндикке ээ болуп, демократиялык өнүгүүгө багыт алгандан бери, коомубуздагы саясий элитанын калыптанышы менен өнүгүшүнө болгон илимий кызыгуу элитаны изилдөөчү социологдор менен саясат таануучулар тарабынан күч ала баштаган. Ушул процессти социологиялык негизде изилдөө биздин өлкөбүздө биринчи жолу 90-жылдардын башында Фрунзе политехникалык институтунун (азыркы И. Раззаков атындагы КТУ) "Социология жана инженердик психология" кафедрасы менен социологиялык илимий изилдөө лабораториясынын негизинде мударис Кусеин Исаевдин жетекчилиги алдында жүргүзүлүп баштаган. Ал мезгил тууралуу изилдөөнүн жетекчиси мындай деп тастыктайт: "Кыргызстанда колдонмо социологиянын ыкмалары менен Республиканын элитасынын беделин изилдөө, калктын социалдык маанайын ченөө сыяктуу изилдөөлөр 1991-жылдын башынан башталып, ушул убакка чейин жүргүзүлүүдө. (Мисалы, "Саясий элитанын коомдук бедели" деген колдонмо социологиянын ыкмасы менен изилденип, биринчи жолу 1991-жылдын 9-февралында "Советская Киргизия", КыргызТуусу, "Ленинчил жаш" ж. б.) кыргыз, орус тилдериндеги гезиттерге жарыяланган. Ал учурда коомдо азыркыдай саясат боюнча бөлүндүүлүк жана элдешкис күрөш жокко эсе эле, биздин изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын кыргызса, орусча газеталар талашып басаар эле. (мисалы: "Кыргыз Туусу", "Эркин Тоо", "Бишкек шамы", "Жаштык жарчысы", "Асаба", Res Publika", "Кут билим" ж.б.).Ошондон баштап жалпысынан ар жылы гезиттерге 150дөн ашык макалалар жарыяланган жана дагы эле уланууда".

Кыргызстандын цивилизациялык демократия менен рынок мамилелерине багыт алуусундагы өткөөл мезгилде жарандык коомдун пайда болушу , саясий реформалардын жараяндарын жана андагы саясий элитанын калыптанышын комплекстүү түрдө изилдөө Бишкек Гуманитардык университетинин "Башкаруу жана социология" факультетинде жогоруда аталган илимпоздун жетекчилиги астында улантылып келди. Изилдөө социологиялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарына негизделип, системалуу түрдө ар бир эки ай сайын өлкөбүздүн саясий элитасынын саясий беделин аныктоого негизделип, иликтөө тобунда жигердүү түрдө мударис К. Исаевдин жетекчилиги астында социологдор Э. Ниязов, К. Жигитеков, Б. Сейитбаев, М. Мадалиев ж.б. иштешкен. XXI кылымдын баш ченинде Республикабызда авторитардык үй-бүлөлүк жеке бийлик орной баштаган мезгилдерде бийлик тарабынан изилдөөчүлөргө кысым көрсөтүлгөн учурлар болуп, изилдөөлөрдү үзгүлтүккө учуратууга аракет жасалган. Бул тууралуу бийлик тарабынан кысымга учураган изилдөө жетекчиси К.Исаев мындай деп эскерет: "Элитанын, анын лидерлеринин калк арасындагы бедели өйдө-ылдый болуп турушу толук мыйзамдуу көрүнүш экендигин турмуш да, изилдөөлүк тажрыйба да толук көрсөттү. Тилекке каршы, мындай көрүнүштү лидерлер өтө чычалоо менен кабылдап изилдөөчүлөргө каршы ар кандай агрессиялык чараларды уюштурушат экен. Мисалы, Кыргызстан азттыкка аттанган XX кылымдын 90-жылдарынын башында Республиканын мурунку Президенти А. Акаевди бедели эң жогору болгону толук түшүнүктүү эле. Бирок, 1994-95-жылдардан баштап Республиканын экономикалык-социалдык абалы төмөндөп, коомдук менчикти өзүмдөштүрүүгө адилетсиздик күчөп бараткан учурда Президенттин бедели төмөндөй баштады. Анын беделинин чен-өлчөмү тизмеде 3 орунга, андан кийин 13 орунга түшүп кетти. Мына ошондон баштап, Президенттин администрациясынын жетекчиси тарабынан мага каршы репрессия уюштуруу күчөдү. Ар кандай коркутуулар, телефон аркылуу "жашоо ашыкча болуудабы?", "балдарыңдын тагдырын ойлойсуңбу?" деген сыяктуу кордуктоо жана эскертүүлөр болду".

Мындай кырдаалдар кийинки президенттин тушунда, анын аткаминерлери тарабынан изилдөө мүчөлөрүнө да таасирин тийгизбей койгон жок. Мисалы КТРдын "Замана" берүүсүндөгү "Социологиялык иликтөө" рубрикасын коммерциялык берүү кылабыз деген шылтоо менен 2006-жылдын декабрь айынын аягында жабылып калышы да буга далил боло алат (акыркы берүү 2006-жылдын 23-декабрында ХИПИККке эл каршы экендиги аныкталганын "Социологиялык иликтөөнүн жыйынтыгында" социологдор Бактыбек Сейитбаев жана Айдана Стамова тарабынан далилдөөлөрү менен бүткөн эле).

Бирок, ошого карабастан илимий жетекчинин кайратмандыгынын негизинде көпчүлүк маалымат каражаттарына изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жарыяланып, илимий диссертациялар жакталган. Азыркы учурда да элита социологиясына болгон кызыгуу токтоп калбастан социологиянын профессору, мударис Кусеин Исаевдин жетекчилиги астында саясий социологиядагы коомдук-саясий изилдөөдөгү социология илиминин жаңы технологиялык ыкмаларын киргизип

жаткан жаш демилгелүү социолог Самар Сыргабаев менен бирге элитолог Бактыбек Сейитбаев, социолог Бакыт Малтабаров тарабынан эксперттик социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп Кыргызстандагы саясий элитанын калыптанышына уруучулук менен жердешчиликтин тийгизген таасири, жана коомдук-саясий көз караштар сыяктуу актуалдуу маселелер каралып келүүдө. Тилекке каршы каражаттын жетишсиздигине байланыштуу көпчүлүк калкты аралап социологиялык изилдөө жүргүзүүгө толук мүмкүнчүлүк жетишсиз болууда. Бирок ошого карабастан Республикабызда ушул саясий элитанын калыптанышы тууралуу маселелерди мыкты билген эксперттердин пикирлерин аныктоо менен социологиялык иликтөө материалдарын толук пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү болуп келе жатат.

90-жылдардын башында Кыргызстанда коомду түп-тамырынан бери кайра куруу жана анын бардык чөйрөсүн демократиялаштыруу процесси жүрө баштагандан тартып, Республикабыздын жарандары анчамынча өзүлөрүн эркин сезе башташып, оюндагысын тайманбай айтып, өткөндөгү тарыхы абалы жөнүндө чындыкты билүүгө далалаттанып кулчулуктан, манкуртчулуктан, жуйкурчулуктан, камырабастыктан жана патерналисттик психологиядан арылып ар бир инсан өз акылы менен күн көрүү сезими ойгонуу башталды десек болот. Бул жагымдуу, адамдын нагыз касиетине төп келише турган процесстердин пайда болуп, тереңдеп жана кеңейтип өнүгүшүнө гезиттер үн алгы, сыналгы журналдар жана башка информация каражаттар аркылуу эркин тарап жаткан маалымдуулук жардамдашты. Басма сөз жана башка массалык информация каражаттарынын эркин болушу коомдук пикирдин көп таасирдүү (плюрализм) жана көп жактуулугуна ар бир адамдын жекече пикирин, ынанымдарды айтуу, изденүү тандап алуу укугунун кеңейишине шарт түзүп, коомду демократиялаштыруунун жаңы баскычына көтөрүлүүгө мүмкүнчүлүк берди. Анткени, башкаруунун традициялуу үч түрүнө - мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлигине – төртүнчү түрүнүн кошулушуна жана күндөлүк турмушта артышына шарт түзүлө баштады. Чынчынында цивилизациялуу, маданияттуу жана укуктук өлкөлөрдө коомдук пикир менен эсептешип, андан чоочулап турат эмеспи. Ушуга ылайык, мыйзам кабыл алабы, же жаңы ишкана курабы (пайда көрүү жагынан тышкары), же биреөнү камайбы, бардык учурда коомчулук кандай кабыл алат, эмне дешет, туура түшүнөбү деген сыяктуу күнөмдүү суроолорго жооп издешет, адамдардын пикири менен эсептешишет. Демек, коомдук пикирдин жогору же төмөн болушу, курчушу же байкалбай калышы коомдук пикирди алып жүрүүчү адамдын деңгээлине жараша болот. Адам руханий жагынан канчалык жогорку, компетенттүү даярдыгы ар тараптуу болсо – коомдук пикир ошончолук туура, салмактуу. Ошондой эле, коомдук пикир турмуштун шартына экономикалык, саясий идеологиялык, руханий, социалдык-психологиялык чөйрөлөрдүн деңгээлине жараша болот. Ошого жараша баарынын, же көпчүлүктүн, же азчылыктын пикири болушу мүмкүн. Коомду жаңылоо тереңдеп кеңейген сайын адамдардын акыл эси улам өөрчүп, адамгерчиликтүү турмушка умтулуп, коомдук пикир социалдык башкаруунун чечкиндүү, бирок эртеңки күндүн жана турмуштун талабына жооп бере турган чечимдерди кабыл алууга мажбурлай турган чоң күчкө айланууда. Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтери чыны менен элдин жыргалы үчүн кызмат өтөөгө даяр болсо, өзүлөрүн коомдук пикир менен дайыма өлчөп салмактап турушу зарыл. Жалпы иштин кызыкчылыгы үчүн мунун кереги зор.

Коомдук пикирди изилдөөдө социология илими өзгөчө мааниге ээ экендиги биздин баарыбызга аттык кашкасындай белгилүү эмеспи. Саясий социология илиминин коомдук пикирди иликтеп үйрөнүү бөлүмүндө ***саясий рейтинг*** башкача айтканда ***белгилүүлүктүн*** рейтинги көрүнүктүү орунду ээлейт. Бул илим кеңири жана терең өнүккөн батыштын жогорку индустриалдык жана укуктук өлкөлөрүндө саясий белгилүүлүктүн рейтинги саясаттын социологиясында массалык коммуникациянын социологиясында эң кеңири пайдаланылат. Өлкөнүн президентинен баштап кичинекей аймактын губернаторуна чейин, бардык социалдык аймактык бөлүмдөрдүн депутаттары, аткаруучу ишмерлери жана сот, прокуратура, милиция (полиция) кызматкерлери коомчулуктун кеңири жана ар тараптан көзөмөлдөөсүндө болот. Америка Кошмо Штаттарынын президенттери Ф. Рузвельт, Д. Кеннеди, Великобританиянын саясий лидерлери У. Черчилль, А. Иден. Франциянын президенти Шарль де Голь жана батыштын башка лидери жөнүндө жазылган китептерде алардын баарыны өзүлөрү жөнүндө коомдук пикир кандай экендигин такай кызыгып тургандыгы жазылган. Жетекчилер калың элдин пикирин сылап, коомдук пикир менен эсептешкендигинен улам болуш керек. Айтылуу өлкөлөрдө кандай гана чечим кабыл алуу даярданбасын эң оболу калк кандай кабыл алат, менин беделим ушундан кийин көтөрүлөбү дегендей зарыл иликтөөлөрдү жүргүзгөндөн кийин гана ал чечим кабыл алынат. Ар кандай социалдык күчтөрдүн жана топтордун карма-каршылыктуу таламдарын көздөгөн саясий партиялардын жана кыймылдардын айыгышкан катуу атаандашуусунун шартында эмгектенген саясий лидерлердин коомчулуктагы "баалары" илимий жол менен аныкталып, кеңири талкууланып турушу алардын жашоо жагдайынын ажыратылгыс бөлүгү болуп калган.

90-жылдардын башында биздин өлкөдө да коомдук пикирди үйрөнүү кеңири жолго коюла баштаган. Атайын илимий уюмдар пайда болуп, айрым гезиттердин редакциялары чоң-чоң ишканалар бирикмелер андай изилдөөлөрдүн чыгымдарын Батыштагыдан толук төлөп, жыйынтыктарын кеңири калкка жеткире баштаган эле. Социология илиминде саясий белгилүүлүктү аныктоонун бир канча сыналган ыкмаларынын ичинен, эң жөнөкөйү – адамдарга ачык суроо берүү аркылуу аныктоо ыкмасы колдонулуп. 1990-жылдын июнь айында социологдор өлкөнүн 12 чөлкөмүндө 3000 адамга кайрылышкан. Мисалы, "Сиздин пикириңиз боюнча өлкөнүн же республиканын же областтын саясий лидерлеринин кимиси абдан жогорку беделге ээ?"- деген суроого жооптор төмөнкүдөй болгон: Ельцин Б.Н. – 59 процент; Горбачев М.С. – 20 процент; Собчак А.А. – 7 процент. Калган респонденттер башка саясий ишмерлерди аташып, алардын рейтинги – 3 процентке төмөн болгон.

"Ачык" суроолор ыкмасы менен лидерлердин белгилүүлүгүн калыстык менен так аныктоого болот. Бирок, ал ыкма лидерлердин беделинин мүнөзүн жана түзүлүшүн тактап бере албайт. Беделдүүлүк (автори-

теттүүлүк) бир канча бөлүктөрдөн (компонент) түзүлөт. Адамдын атактуулугу (популярность) жана ага карата мамиле биринчи катарда турат. Анын үстүнө атактуулук ар кандай болот, мисалы беделдүүлүктү бекемдебеген, бирок кеңейткен жаңжалдуу болушу да ыктымал. Ошентип, саясий ишмерлерди баалоо белгилүүлүктүн эки кошулуучу бөлүмдөн турат: атак жана ага карата мамиле. Ошол кездеги Б.Н. Ельциндин атагы жана ага карата калктын ар кайсы катмарынын мамилеси буга ачык мисал болуп келген.

Ушундай ыкма менен эсептелген рейтинг да жашоого укуктуу. Суроого жооп берип жаткан тургун (респондент) лидер жана жетекчи деген эки кубулушту дайыма айтып бере албайт. Албетте бул экөө бирибирине жакын, бирок бирдей эмес. Саясий лидерликте аны колдоп турган социалдык күчтөр менен социалдык-психологиялык мамилелер биринчи орунга чыгат. Адамды жетекчи катары баалоодо ал жетектеп турган чөйрөдө коомдук турмушта жетишилген ачык натыйжалар негизги мааниге ээ. Албетте, рейтингди эсептөөдө жооп берген адамдын жоокерчилиги жана баштап, жетектеп турган адамдардын жигердүү эмгектеринин натыйжасында коомдук турмуштагы өзгөрүштөр биринчи орунга чыгат. Саясий ишмерлер өзүлөрүнүн кызматында ар кандай мөөнөттөн бери эмгектенгени бирдей шартта болбогондугу табигый нерсе. Эгерде бирөөгө ишеним насыясы бүтүп бараткан болсо, ал эми жаңы жетекчиге карата үмүт, ишеним али алдыда. Кандай болсо да, баалоонун кеңдиги жана көптүгү саясий ишмерлердин саясий жигердүүлүгүн толук маалимине жараша болоору түшүнүктүү.

Социология илиминде беш баллдык шкала боюнча баа коюу (же андан жогору же төмөнкү сандар менен деле болот) саясий ишмерлердин белгилүүлүгүн аныктоонун ыкмасы катары эң кеңири пайдаланылып 1991-жылдын жылдын январь айынын үчүнчү он күндүгүндө жана февраль айынын биринчи он күндүгүндө профессор К. Исаевдин жетекчилиги алдында биринчи жолу жумурияттын Президентинин, партиялык, советтик жана чарбалык жетекчилеринин белгилүүлүгүн аныктоо үчүн беш баллдык шкала менен иликтөө жүргүзүлгөн. Сурамжылаганга жумурияттын 6 облусунан, эки калаасынан – 3097 адам, Жогорку Кеңештин 120 депутаты КДКнын биринчи курултайынын 300 делегаты катышкан. Биздин жумуриятты мындай көп адамды кучагына алып жүргүзгөн иликтөө биринчи жолу жүргүзүлгөн.

Ошентип иликтөө жумуриятыбыздын калкынын социалдык-кесиптик этникалык, демографиялык түзүлүшүнүн салыштырмалуу бардык өкүлдөрүн кучагына алынып. Ошондой эле Жогорку Кеңештин депутаттарын, Кыргызстан демократиялык кыймылынын биринчи курултайынын делегаттары туташ сурамжыланган.

Бул иш ошол боюнча токтотулуп калбастан Кыргызстандагы көз карандысыз социологдордун чыгармачыл тобу тарабынан ошол мезгилден тартып ушул мезгилге чейин эксперттердин бааларынын негизинде республикабыздагы таасири күчтүү 50 саясатчыны аныктоону социологиялык изилдөөнү ушул мезгилге чейин алып келе жатат. Саясий инсандардын беделин (рейтингин) аныктоого республикадагы массалык-маалымат каражаттарыны өкүлдөрү, саясий баяндамачылар, Улуттук Илимдер Академиясынын жана жогорку окуу жайлардын окумуштуулары жана ошондой эле саясий партиялардын, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн турган компетенттүү эксперттер катышып келүүдө.

Коомдук пикир деген тоңуп калган муз же катып калган таш эмес. Ал абдан элпек, өзгөрүлмө болот. Тиги же бул саясый ишмердин бедели коомчулуктун көз алдында өзгөрүп турушу толук мыйзам ченемдүү көрүнүш. Социологиялык иликтөөнүн жыйынтыгында ошол коомдук пикир канчалык деңгээлде так, айкын, калыс жана чындыкты чагылдырат – маселенин түпкү маңызы ушунда эмеспи. Ошого байланыштуу көз каранды эмес социологиялык топ эч бир партияга, кыймылга же жетекчиге жан тартпастан иликтөөлөрдү жүргүзүп келди.

Албетте, бул борбордогу гана эксперттик иликтөө болгондугун биз унутпашыбыз керек, эгерде социологиялык толук илимий ыкмага таянган массалык иликтөөнү жалпы Республикабыздын түндүк түштүгүн камтыган областтык борборлордо да жүргүзүлгөндө кандай жыйынтыктарга да ээ болор эле, бул дагы биз үчүн өзүнчө маселе болууда.

Ошол мезгилден азыркы учурга .чейинки жүргүзүлүп келе жаткан эксперттик социологиялык иликтөөнү этаптарга бөлүп карасак кыргызстандагы саясий элитанын калыптанышын социологиялык изилдөө төмөнкүдөй мезгилдерге бөлүнөт:

1. Азаттыктагы Кыргызстан жана анын саясий элитасынын калыптаныш мезгили – 1991–1995-жылда;

2. Кош палаталуу парламент жана өлкөбүздөгү саясий элитанын өзгөрүү жүрүштөрү – 1995–2000-жылдар;

3. Үй-бүлөлүк кландык башкаруу мезгилиндеги саясий элитанын бедели – 2000–2005-жылдар.

4. 2005-жылдагы марттан кийин элита алмашуудабы же “жаңы элитанын” абалы кандай?

5. 2010-жылдагы апрель окуялары, Конституциялык реформалардан кийинки саясий элитанын калыптануусу жана партиялуулук.

Ушул тууралуу толук маалыматты мударис Кусейин Исаевдин жетекчилиги алдында даярдалган “Саясий элита: коомдогу бедели, социологиясы” жана “Улуттук саясий элитанын бедели: эксперттик баалоо” деп аталган илимий жыйнактардан да толук таанышууга болот.

Келечекте саясий элитанын калыптанышы, дегеле жалпы Кыргызстандагы элитанын абалы жана алардын калыптанышына социалдык-экономикалык абал менен коомдук саясий жараяндын тийгизген таасирин элитология илимине ылайык социологиялык жактан изилдөө улантыла бермекчи.

***Адабияттар***


1. *Ашин Г.К. Элитология. Становление. Основные направления. –М.,1995. -107 б.*
2. *Вебер М. Избр. Произведения. -М., 1990.*
3. *Исаев К. Кыргыз социологиясынын: өткөнү, түптөлүшү, келечеги. –Б., 2009. 101 б.*
4. *Исаев К. Политическая социология. –Б., 1997.*
5. *Исаев К.,Сейитбаев Б.Т. Саясий элита: коомдогу бедели, социологиясы. –Б.: Maxprint, 2014. -516 б.*
6. *Исаев К.Улуттук саясий элитанын бедели: эксперттик баалоо. –Б.: Maxprint,2015. -170 б.*
7. *Тощенко Ж.Т. Социология. Жалпы курс. /Котор. К. Исаев, Э. Кылычев. Б.: КЭнин башкы редакциясы. 1997. -396 б.*
8. *Сейитбаев Б.Т., Саралаев Т.О. Теория политической элиты и власти. –Б., 2009. -202 с.*